**УДК: 373.3:81.02.**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫНДА КӨРКӨМ ТЕКСТТЕРДИ ОКУТУУНУН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Теңишова Клара Жарашбековна - ОшМПУ, окутуучу

ORCID 0009-0001-6367-0656
klaratenishova2020@gmail.com

**Аннотация**

Бул макалада башталгыч класстарда адабий окуу сабагында көркөм тексттерди окутуунун маанилүүлүгүн жана ыкмаларын изилдөөгө багытталган. Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык, көркөм тексттерди тандоонун принциптери жана аларды окутуунун эффективдүү ыкмалары каралат. Тексттердин тарбиялык, эстетикалык жана тилдик мааниси балдардын интеллектуалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө кантип таасир этери талданат. Мында, адабий тексттердин окуучуларга терең таасир калтыруусу үчүн алардын мазмунун жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүү зарылдыгы баса белгиленген. Курстук иште ошондой эле көркөм тексттерди окутууда колдонулуучу усулдар, мисалы, талдоо, сахналаштыруу, сүрөт тартуу жана чыгармачылык тапшырмалар, окуучулардын кызыгуусун арттыруу үчүн маанилүү деп эсептелет. Көркөм тексттерди тандап алуу жана аларды окутуунун туура ыкмаларын колдонуу башталгыч класстардагы адабий окуу сабактарын натыйжалуу кылууга жардам берет.

**Негизги сөздөр:** Адабий окуу, көркөм тексттер, башталгыч класстар, текстти тандоо, окутуунун ыкмалар, тилдик өнүгүү, чыгармачылык тапшырма.

# ЗНАЧЕНИЕ ПРЕПОДАВАНИЯ ХУДОЖЕСТВЕННЫХ ТЕКСТОВ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ ПО ЛИТЕРАТУРЕ.

**Тенишова Клара Жарашбековна -** ОшМПУ, преподаватель
ORCID 0009-0001-6367-0656
klaratenishova2020@gmail.com

**Аннотация**

Данная статья посвящена исследованию значения и методов преподавания художественных текстов в литературоведении начальной школы. В соответствии с возрастными особенностями учащихся рассмотрены принципы отбора художественных текстов и эффективные методы их преподавания. Анализируется, как воспитательное, эстетическое и языковое значение текстов влияет на интеллектуальное и эмоциональное развитие детей. При этом подчеркивалась необходимость разъяснения содержания и художественных особенностей художественных текстов, чтобы произвести глубокое впечатление на студентов. В курсовой работе важными для повышения интереса студентов считаются такие методы, используемые при обучении художественным текстам, как анализ, инсценировка, рисование и творческие задания. Подбор художественных текстов и использование соответствующих методов их преподавания помогут сделать уроки литературного чтения в начальных классах более эффективными.

**Ключевые слова:** Художественное чтение, художественные тексты, начальные классы, подбор текста, методика обучения, развитие речи, творческие задачи

# THE IMPORTANCE OF TEACHING FICTION TEXTS IN PRIMARY SCHOOL IN LITERATURE.

**Tenishova Klara Zharashbekovna** - OshMPU, teacher
ORCID 0009-0001-6367-0656
klaratenishova2020@gmail.com

**Abstract**

This article is devoted to the study of the meaning and methods of teaching fiction in literary criticism of primary school. In accordance with the age characteristics of students, the principles of

selecting fiction and effective methods of teaching them are considered. It is analyzed how the educational, aesthetic and linguistic meaning of texts affects the intellectual and emotional development of children. At the same time, the need to explain the content and artistic features of fiction texts in order to make a deep impression on students was emphasized. In the course work, such methods used in teaching fiction as analysis, dramatization, drawing and creative tasks are considered important for increasing students' interest. The selection of fiction texts and the use of appropriate methods of teaching them will help make literary reading lessons in elementary grades more effective.
**Keywords:** Fictional reading, fiction, elementary grades, text selection, teaching methods, speech development, creative tasks

Билим берүү процессинде башталгыч класстардагы адабий окуу сабагы өзгөчө мааниге ээ, анткени ал балдардын көркөм тексттерди кабылдоосун, түшүнүүсүн жана адабиятка болгон кызыгуусун калыптандырат. Көркөм тексттерди окутуу окуучулардын сөз байлыгын өнүктүрүп, ой жүгүртүүсүн тереңдетип, эстетикалык жана моралдык тарбия берет.

Учурдагы билим берүү системасында окутуунун интерактивдүү ыкмалары, жаңы педагогикалык технологиялар жана баланын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарылчылыгы күчөп жатат. Ошондуктан, башталгыч класстарда көркөм тексттерди натыйжалуу окутуунун мааниси артып, окутуунун методикасын жакшыртуу муктаждыгы пайда болууда.

Мындан тышкары, заманбап технологиялар жана электрондук ресурстардын кеңири жайылышы балдардын китепке болгон кызыгуусун төмөндөтүүдө. Бул шартта мугалимдердин негизги максаты – көркөм адабият аркылуу балдарды китеп окууга тартуу, тексттерди терең кабылдоосуна жана түшүнүүсүнө көмөктөшүү. Дал ушул себептен улам, башталгыч класстарда адабий окуу сабагында көркөм тексттерди окутуунун методикасын изилдөө актуалдуу жана маанилүү маселе болуп саналат.

Башталгыч класстарда адабий окуу сабагында көркөм тексттерди окутуу окуучулардын эстетикалык сезимдерин өнүктүрүп, алардын ой жүгүртүү, тилдик маданиятын жана дүйнө таанымын кеңейтүүдө маанилүү роль ойнойт. Л. С. Выготскийдин айтымында, «Көркөм адабият – бул адамдын руханий дүйнөсүн байытуу үчүн эң күчтүү каражат» -деп белгилейт. [1, с.204]

Адабий окуу сабагында балдар бул текст  аркылуу этномаданий компетенттүүлүктүн маанилүүлүгүн түшүнүшөт.  Ата-энелердин, чоң ата, чоң энелердин,  айыл аксакалдарынын батаасын жана алкышын алуу,  жана жеткинчектерди колдоо көрсөтүү маанилүү экендигин түшүнүү  керек. [2,168]

Бул изилдөөнүн максаты – башталгыч класстарда адабий окуу сабагында көркөм тексттерди окутуунун маанилүүлүгүн талдоо жана анын окуучулардын тилдик, интеллектуалдык жана руханий өнүгүүсүнө тийгизген таасирин аныктоо. Ошондой эле, натыйжалуу окутуу ыкмаларын жана методдорун сунуштоо аркылуу башталгыч класстарда көркөм тексттерди окутуунун сапатын жогорулатуу жолдорун көрсөтүү.

Башталгыч класстарда адабий окуунун өзгөчөлүктөрү болуп,  окуучулардын көркөм адабиятка болгон кызыгуусун ойготуп, алардын тилдик компетенциясын, ой жүгүртүү жөндөмүн жана чыгармачыл ойлоосун өнүктүрүүгө багытталган. Текст тандоодо төмөнкү принциптерди эске алуу зарыл

Бул принциптер окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн, психологиялык жана билим деңгээлин эске алуу менен, алардын адабиятка болгон кызыгуусун арттырууга жардам берет.

1. Жаш өзгөчөлүгүнө ылайыктык принциби

- Окуучунун жаш курагына жана интеллектуалдык деңгээлине ылайыктуу тексттер тандалышы керек.
- 1-2-класстар үчүн жөнөкөй тил менен жазылган, түшүнүктүү жана кыска тексттер сунушталат.
- 3-4-класстарда сюжеттик түзүлүшү татаалыраак, окуучунун логикалык жана аналитикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү чыгармалар тандалышы керек.

2. Тилдик жеткиликтүүлүк принциби

- Тексттердин тили жөнөкөй, түшүнүктүү жана так болушу шарт.
- Окуучулар билбеген татаал сөздөр өтө көп болбошу керек, жаңы сөздөр аз-аздан киргизилип, алардын мааниси түшүндүрүлүшү зарыл.
- Көркөмдүүлүгү жогору, сөз байлыгын өстүрө турган чыгармалар артыкчылыктуу тандалат.

3. Тарбиялык багыттуулук принциби
   - Тексттер окуучулардын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга багытталууга тийиш.
   - Боорукердик, эмгекчилдик, достук, чынчылдык, патриотизм сыяктуу баалуулуктарды үйрөтүүчү чыгармалар тандалышы керек.
   - Баланын эмоциялык дүйнөсүн байытуу үчүн кызыктуу, таасирдүү окуялар камтылган тексттер сунушталат.
4. Кызыктуулук жана таасирдүүлүк принциби
   - Балдар үчүн кызыктуу, көңүл бурдура турган, фантазияга бай жана динамикалык сюжеттүү чыгармалар тандалат.
   - Күлкүлүү, укмуштуу окуялуу жана табышмактуу элементтер камтылган чыгармалар баланын китепке болгон кызыгуусун арттырат.
   - Баланын жан дүйнөсүнө жакын, аларга тааныш турмуштук кырдаалдар сүрөттөлгөн чыгармалар тандалса, текстти кабыл алуу оңой болот.
5. Көркөмдүүлүк жана эстетикалык баалуулук принциби
   - Текст көркөмдүк жана адабий баалуулукка ээ болушу керек.
   - Көркөм тексттин образы бай, эмоцияга таасир берүүчү жана эстетикалык жактан таасирдүү болушу маанилүү.
   - Баланын чыгармачыл жана эстетикалык даамын калыптандыруу үчүн улуттук жана дүйнөлүк классикалык адабияттан алынган чыгармалар сунушталат.
6. Сюжеттин жана образдардын балдар психологиясына шайкештиги
   - Каармандар балдар үчүн кызыктуу жана түшүнүктүү болушу керек.
   - Окуялардын өнүгүшү логикалык, ырааттуу жана балдар үчүн эмоционалдык жактан кабылдоого жеңил болушу зарыл.
   - Окуучулар каармандардын ордуна өздөрүн коюп көрө ала тургандай, аларга жакын образдар тандалышы керек.
7. Элдик жана улуттук баалуулуктарды чагылдыруу принциби
   - Балдар адабиятына улуттук мүнөзгө ээ болгон, ата-бабалардын каада-салттарын, нарк-насилин чагылдырган чыгармалар киргизилиши зарыл.
   - Элдик жомоктор, уламыштар, санат-насыяттар, макал-лакаптар сыяктуу жанрлардын орду чоң.
   - Балдардын дүйнө таанымын кеңейтүү үчүн дүйнөлүк классикалык чыгармалардан да үзүндүлөр сунушталышы мүмкүн.
8. Интерактивдүүлүк жана окутууга ыңгайлуулук принциби
   - Тексттер мугалимдин сабак өтүүсүнө жана окуучулар менен интерактивдүү иштөөгө шарт түзүшү керек.
   - Талкуулап, суроо-жооп аркылуу талдай турган, окуучулар өз пикирлерин билдире ала турган чыгармалар тандалышы зарыл.
   - Окуучуларды ой жүгүртүүгө, чыгармачылык менен иштөөгө шыктандыра турган тексттер артыкчылыктуу болот.

Башталгыч класстар үчүн көркөм тексттерди тандоодо алардын жаш өзгөчөлүктөрү, тилинин жеткиликтүүлүгү, тарбиялык жана эстетикалык баалуулугу, сюжеттик кызыктуулугу, ошондой эле элдик жана улуттук баалуулуктарды чагылдыруусу эске алынууга тийиш. Дал ушул принциптер сакталганда гана адабий окуу сабагы натыйжалуу болуп, окуучулардын көркөм дүйнөсү байыйт жана китепке болгон кызыгуусу артып, чыгармачыл ой жүгүртүү жөндөмү өнүгөт.

Башталгыч класстардагы окуучулар үчүн көркөм тексттерди тандоодо алардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү. В. А. Сухомлинский бул тууралуу «Балдар китеби – бул бала үчүн биринчи мугалим, биринчи моралдык тарбиячы» деп белгилеген. [2, с.56] Ошондуктан башталгыч класстар үчүн тексттер алардын жашына ылайык, тилдик жактан жеткиликтүү, кызыктуу жана тарбиялык мааниге ээ болушу керек.

Ар кандай жаш курактагы балдар текстти кабыл алуу, түшүнүү жана эмоциялык жактан баалоо жөндөмдөрү боюнча айырмаланат. Ошондуктан, текст тандоодо төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:

1-класстын окуучуларына көркөм тексттерди тандоодо төмөнкүдөй өзгөчөлүктөргө көнүл буруубуз керек. Балдар жаңы окуп үйрөнүп жаткандыктан, тексттин көлөмү кыска болушу керек. Окуучулар негизинен образдуу ойлоого жана эмоциялык кабылдоого жакын болушат. Кайталоолор, уйкаштык жана ритмикалык тексттер балдардын текстти жакшы түшүнүүсүнө жана эстеп калуусуна жардам берет. Аларга төмөндөгүдөй тексттердин түрлөрүн тандап алсак максатка ылайыктуу болот. Мисалы :

- Кыска жомоктор ("Кызыл топу", "Түлкү менен жээк")
- Уламыштар жана элдик чыгармалар
- Кыска ырлар жана табышмактар
- Жөнөкөй сюжеттик аңгемелер

Ал эми 2-класстын окуучулары үчүн көркөм тексттерди тандоодо төмөнкү өзгөчөлүктөргө маани беришибиз керек. Ал учурда балдардын окуу ылдамдыгы жогорулайт, бирок дагы эле кыска жана түшүнүктүү тексттерге муктаж болушат. Сюжеттин өнүгүшү алар үчүн кызыктуу болушу керек. Балдар боорукердик, достук жана адилеттүүлүк сыяктуу темаларды жакшы кабыл алышат.
Мисалы:

- Узунураак жомоктор (элдик жана автордук)
- Кызыктуу окуялар камтылган аңгемелер
- Жаш балдарга арналган ырлар (мис., Ч.Айтматов, А.Токомбаев, Ж.Садыковдун чыгармалары)
- Фольклордук жанрлар (санат-насыяттар, макал-лакаптар)

3-класста көркөм тексттерди тандоодо 1-2-класстагыларга караганда бир топ балдардын китеп окууга болгон кызыгуусу арта баштайт. Алар каармандардын мүнөзүн түшүнө башташат жана окуяларды логикалык жактан баалоого аракет кылышат. Аны менен бирге чыгармалардагы окуялардын себеп-натыйжалык байланышын талдоого кызыгышат. Алар үчүн төмөнкүдөй тексттерди тандаа максаттуураак болот.

- Классикалык жана заманбап балдар аңгемелери
- Узунураак жомоктор жана мифтер
- Балдар адабиятындагы күлкүлүү аңгемелер (сатира, юмор)
- Кызыктуу окуялуу чыгармалар (саякат тууралуу аңгемелер)

Эми 4-классттын окуучулары үчүн көркөм тексттерди тандоого сарасеп салсак. Алар абстракттуу ойлонууга жөндөмдүү боло башташат жана көп кырдуу, татаал каармандарга кызыгышат. Ошону менен бирге окуялардын терең маанисин түшүнүүгө аракет кылышат.
Мисалы:

- Классикалык жана заманбап балдар романдарынын үзүндүлөрү
- Көркөм тексттердин анализин талап кылган чыгармалар
- Өмүр баяндары жана тарыхый темадагы аңгемелер ж.б.

Башталгыч класстарда көркөм тексттерди тандоо окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша жүргүзүлүшү керек. Биринчи класстан төртүнчү класска чейин тексттердин татаалдыгы жана узундугу акырындап көбөйтүлүп, балдардын интеллектуалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө шайкеш келтирилиши зарыл. Ошондой эле, тандалган чыгармалар балдардын адабиятка кызыгуусун арттырып, алардын адамгерчилик сапаттарын калыптандырууга көмөктөшүүсү керек.

Негизинен көркөм тексттерди балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карап тандап алгандан соң аларды окутуунун ыкмаларына да терең маани беришибиз керек. Анткени, туура тандалган көркөм тексттерди натыйжалуу окутуу окуучулардын адабиятка болгон кызыгуусун арттырып, алардын текстти терең кабыл алуусуна, түшүнүүсүнө жана ой жүгүртүүсүнө өбөлгө түзөт. Эгерде окутуунун ыкмалары балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана тексттин мазмунуна туура келбесе, окуучулар текстке кызыгуусун жоготуп, сабакка болгон мотивациясы төмөндөшү мүмкүн. Көркөм окуу сабагында текстти окутуунун ыкмаларын туура тандап алуу да чоң мааниге ээ. М. Н. Васютинскаянын пикиринде, «Эгерде адабият сабагында окутуучу чыгарманын мазмунун гана түшүндүрүп, анын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурбаса, анда окуучулар адабий чыгарманы жандуу кабыл ала албайт»-деген. [3, с.112] Ошондуктан, көркөм тексттерди окутууда сахналаштыруу, ролдук оюндар, сүрөт тартуу, талдоо жана пикир алмашуу сыяктуу усулдарды колдонуу окуучулар үчүн чыгарманы терең кабылдоого өбөлгө түзөт.

Ал эми В.А.Сухомлинский туура тандалган тексттер жана аларды окутуунун натыйжалуу ыкмалары башталгыч класстагы окуучулардын адабиятка болгон кызыгуусун арттырып, чыгармачыл ой жүгүртүүсүн жана эмоционалдык жактан өнүктүрүүгө байланыштуу «Балдар адабияты – бул наристелердин жүрөгүнө жол таап, аларды жакшылыкка үйрөтүүнүн эң башкы куралы» - деп айткан. [1, с.78] Чындыгында башталгыч класстарда адабий окуу сабагын уюштурууда көркөм чыгармаларды тандоого жана аларды окутуунун инновациялык усулдарына өзгөчө маани берүү зарыл.

Көркөм тексттерди окутууда ыкмаларды тандоонун маанилүүлүгү текстти кабыл алууну жеңилдетет. Балдар көркөм текстти эмоционалдык жана образдык түрдө кабыл алышат, ошондуктан туура ыкмалар алардын элестетүүсүн өнүктүрүүгө жардам берет. Аны менен бирге көркөм окуу, драмалаштыруу, сүрөт тартуу жана тексттин мазмунун талдоо окуучулардын чыгарманы терең түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт.

Текстти талдоо жана интерпретациялоо балдардын логикалык жана сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Суроо-жооп, пикир алышуу жана чыгарма боюнча жеке көз карашын билдирүү ыкмалары окуучулардын анализ жасоо жөндөмүн жакшыртат. Ошону менен бирге окуучулар көркөм тексттерди окуу менен жаңы сөздөрдү үйрөнүшөт, сүйлөө маданияты калыптанат жана ой жүгүртүү жөндөмү өнүгөт. Көркөм тексттерди кайра баяндоо, мазмунун сүрөттөп берүү жана тексттин негизинде чыгармачылык иштерди аткаруу окуучулардын тилдик активдүүлүгүн арттырат.

Балдардын кызыгуусун жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн көркөм тексттерди окутууда кызыктуу жана интерактивдүү ыкмалар колдонулса (ролдук оюндар, сахналаштыруу, иллюстрация тартуу, чыгармачыл тапшырмалар), анда окуучулар сабакка активдүү катышып, текстти өздөштүрүүсү жеңил болот. Бул ыкмалар менен балдар өз оюн эркин билдирүүгө, окуяларды элестетүүгө жана чыгармачылык менен ой жүгүртүүгө үйрөнүшөт.

Ошондуктан, көркөм тексттерди тандап алуу менен катар аларды окутуунун эффективдүү ыкмаларын колдонуу да өтө маанилүү. Бул ыкмалар окуучулардын сабакка кызыгуусун арттырып, адабий чыгармаларды тереңирээк түшүнүүсүнө жана кабыл алуусуна жардам берет.

Өркөм тексттер окуучулардын эмоционалдык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө чон таасир тийгизет. Аларды атап өтсөк, тексттерди окутуу аркылуу окуучуларда боорукердик, адептүүлүк, жоопкерчилик сыяктуу сапаттар калыптанат, окуучулардын сөз байлыгы кеңейет, тилдик нормаларды өздөштүрүүгө жардам берет, көркөм тексттердин таасири менен окуучулар чыгармачыл ой жүгүртүүгө үйрөнүшөт.

Башталгыч класстарда адабий окуу сабагы балдардын китепке болгон сүйүүсүн ойготуп, аларды келечектеги терең жана системалуу окууга даярдоо максатын көздөйт.

Жыйынтыктап айтканда башталгыч класстарда адабий окуу сабагында көркөм тексттерди окутуунун маанилүүлүгү чоң. Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша туура

тандалган тексттер алардын окуу маданиятын калыптандырып, ой жүгүртүүсүн, тилдик жөндөмдөрүн жана эстетикалык табитин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Көркөм тексттерди тандоодо окуучулардын жаш курагын, тексттин тилдик жөнөкөйлүгүн, тарбиялык баалуулугун, кызыктуулугун жана элдик адабият менен дүйнөлүк классикага негизделген чыгармаларды камтууну эске алуу зарыл. Ошондой эле, окутуунун натыйжалуу ыкмаларын колдонуу балдардын чыгармага болгон кызыгуусун арттырып, аны терең түшүнүүгө жардам берет.

Туура тандалган тексттер жана аларды окутуунун эффективдүү ыкмалары окуучулардын адабиятка болгон сүйүүсүн арттырып, алардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө, эмоционалдык жана моралдык жактан тарбиялоого чоң таасир этет. Ошондуктан, башталгыч класстардагы адабий окуу сабагын уюштурууда көркөм чыгармаларды тандоого жана аларды окутуунун инновациялык усулдарына өзгөчө маани берүү зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Выготский, Л. С. Психология искусства. – Москва: Искусство, 1987U/
2. Үкүева, Б. К. Адабият сабагын жаңы технологиялар аркылуу окутуунун өзгөчөлүктөрү ( 3-4-класстын мисалында) / Б. К. Үкүева, А. М. Нооманова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – No. 2-1(24). – P. 115-120. – DOI 10.56122/..v1i2.203. – EDN ADFFDY.
3. Сухомлинский, В. А. Сердце отдаю детям. – Киев: Радянська школа, 1973.
4. Васютинская, М. Н. Методика преподавания литературы в начальной школе. – Москва: Просвещение, 2008.
5. Мамытов, М., Ибраимов, Т. Бала жана көркөм сөз. – Бишкек: Шам, 2015.
6. Жакыпов, Ө. Көркөм окуу методикасы. – Бишкек: Турар, 2012.